ОшМУнун математика жана информациялык технологиялар факультетинин
Окумуштуулар кеңешинин кезектеги жыйынынын

**№4 ПРОТОКОЛУ**

*25-январь, 2024-жыл.*

*Төрага:* Т.М. Жолдошов

*Окумуштуу катчы:* А.А. Абдилазизова

*Катышкандар*: Окумуштуулар кеңешинин 36 мүчөсүнөн 28 мүчөсү бар.

*Күн тартиби:*

1. Факультеттин, кафедралардын жана структуралардын сайтынын абалы, жайгаштырылышы жана перспективдүү пландары (Баяндамачы: комиссиянын төрагасы, ИСП кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев);

2. 2023-окуу жылындагы илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыктары. Рейтингке кирүү боюнча иш-пландар, аткарылышы, ишке ашканы жана скопустагы макалалардын саны. (Баяндамачы: илимий иштер боюнча декандын орун басары, ИСП кафедрасынын доценти Н.А. Абдирайимова);

3. Программалык аккредитациядан өткөн программалардын постаккредитациялык иш чаралары. (Программа жетекчилер);

4. Ар түрдүү маселелер.

УГУЛДУ: МИТ факультетинин деканынын м.а. Т.М. Жолдошов күн тартиби боюнча каралуучу маселелер менен тааныштырып, колго салды. Окумуштуулар Кеңеши бул сунушту бир добуштан колдошту. Регламент боюнча ар бир маселеге 7-15 минутага чейин жана ар түрдүү маселелер боюнча 5-8 минутага чейин убакыт, ал эми талкууларга 5 минутага чейин убакыт берүү сунушу түштү. Сунуш толугу менен колдооого алынды.

**1-маселе.**

УГУЛДУ: Факультеттин, кафедралардын жана структуралардын сайтынын абалы, жайгаштырылышы жана перспективдүү пландары бонча комиссиянын төрагасы, ИСП кафедрасынын доценти Н.К. Аркабаев билдирүү жасады.

ТАЛКУУ:

*У.А. Сопуев (ЖМ кафедрасынын доценти) 1-суроо:*Башка факультеттердин сайты менен салышытрып көрдүңүзбү?

*Жооп:* Негизинен баары окшош.

*2-суроо:* Сайтка маалыматты киргизүү үчүн контент-менеджер алуу зарылбы?

*Жооп:* Кафедра башчы маалыматты даярдап берсе жооптуу дайындаса болот. Бир контент-менеджерди жоопкерчиликтүү кылганда оор болуп калат.

*А.Ж. Кудуев (АССТ кафедрасынын башчысынын м.а., доцент):* Сайттын соцтармактарда окумдуулугу кандай? Эл аралык университеттер менен салыштырып көрдүңүзбү?

*Жооп:* Бул сунушта окумдуулук боюнча кошулбаган. Эл аралык университеттердин сайттарында негизги гана маалыматтар тиркелген. Сайтта толук маалыматты илүү зарыл эмес. Уруксат менен берилүүчү документтер илинбегени жакшы.

СӨЗГӨ ЧЫККАНДАР:

*А.С. Сопуев (ИСП кафедрасынын профессору):* Бүгүнкү күндөгү актуалдуу маселе каралган, кеңири маалымат берилди. ОшМУнун сайтында маалымат өтө көп киргизилген.

Жакында ректор чогулушта мектептерге сайт түзүп берүү боюнча сунушун айтты. Азыр кайсы кафедра кайсы мектепке сайт түзүп берет, токтомго кошуп койсок. Ар бир окутуучу өзү бүткөн мектепке сайт түзүп жардам берсе.

М.Ш. Мамаюсупов (ЖМ кафедрасынын доценти): Токтомго сайт түзүп берүү боюнча пункт кошулсун.

Жогоруда берилген маалыматтардын, тыянактардын, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ кылат:

1. Кафедралардын, структуралык бөлүмдөрдүн баракчалары оптималдаштырылсын жана учурдагы заман талабына ылайык өркүндөтүлсүн;
2. Комиссиянын төрагасы, ИСП кафедрасынын доценти, ф.-м.и.к., Н.К.Аркабаевдин билдирүүсү эске алынсын;
3. Профессордук окутуучулук курамдын жана студенттердин факультеттин жана ОшМУнун расмий сайтын колдолнуунуөркүндөтүү максатында атайын иш-чаралар аткарылсын;
4. Сайтка жарыяланган маалыматтардын дизайны, тактыгы, тууралыгы, сабаттуулугу жана көп тилдүүлүгү көзөмөлгө алынсын;
5. Бул токтомдун ишке ашырылуусу факультеттин деканына, кафедра башчылдарына жана тиешелүү структура жетекчилерине милдеттендирилсин. Анын аткарылышын көзөмөлдөө МИТ факультетинин деканы, доцент Т.М.Жолдошовго жүктөлсүн.

**2-маселе**. УГУЛДУ: 2023-окуу жылындагы илимий-изилдөөлөрдүн жыйынтыктары. Рейтингке кирүү боюнча иш-пландар, аткарылышы, ишке ашканы жана скопустагы макалалардын саны боюнча илимий иштер боюнча декандын орун басары, ИСП кафедрасынын доценти Н.А. Абдирайимова билдирүү жасады.

ТАЛКУУ:

*А.Ж. Кудуев (АССТ кафедрасынын башчысынын м.а., доцент):* 106 макаланын канчасы унивеститеттин Жарчысына чыккан?

*Жооп:* Сайтта макалалар боюнча мааламыт толук киргизилген.

ЖАРЫШ СӨЗГӨ ЧЫККАНДАР:

А. Сайипбекова: (КИИК кафедрасынын профессору): Жылдан-жылгы отчеттор мазмундуу, жакшы.

У.А. Сопуев (ЖМ кафедрасынын доценти): 1 жылда 9 макала SCOPUS базасынан чыкканы бул жакшы көрсөткүч. Отчетту канааттандырарлык деп табууну колдоймун.

А.Ө. Келдибекова: Университеттин журналынан өзүбүздүн кызматкерлердин макала чыгаруусу күчөтүлсүн.

Жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада, жарыш сөздөрдө айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ КЫЛАТ

1. МИТ факультетинин 2023-жыл үчүн илимий-изилдөө иштердин жыйынтыктарынын отчету канааттандырарлык деп табылсын;
2. Кафедраларда илимий-методикалык семинарларды, конференцияларды өткөрүү күчөтүлсүн (жооптуулар: кафедра башчылары);
3. Сайтты оптималдаштыруу максатында кафедраларда илимий-изилдөө иштери боюнча жүргүзүлгөн иш-чаралар факультеттин сайтындагы илимий-изилдөө иштери боюнча ачылган баракчада жайгаштырылып, ага жооптуу катары кафедранын илимий-изилдөө иштери боюнча координаторлоруна милдеттендирилсин;
4. Студенттерди аймактык, эл аралык жана дүйнөлүк олимпиадага даярдоо ийримдеринин иши күчөтүлсүн (жооптуулар: ийримдин жетекчилери, кафедра башчылары);
5. Студенттерди макала жазууга, конференцияларга катыштырууга жана долбоорлор менен иштөөгө үйрөтүү үчүн ар бир окутуучу жакындан жардам берүүсү милдеттендирилсин (жооптуулар: кафедра башчылары);

6. Факультеттин мүчөлөрүнүн окуу куралдарды, монография жана Web of science, Scopus маалыматтар системаларынан макала чыгаруусу күчөтүлсүн;
7. QS рейтинге таасир этүүчү улуттук рейтингди өткөрүү максатында EdNet агентиги менен иштөө күчөтүлсүн;
8. Отчет боюнча чыгарылган SWOT-анализ факультеттин стратегиялык планында эске алынсын;
9. Окумуштуулар кеңешинин жогорку чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөө декандын илимий иштери боюнча орун басары Н.А. Абдирайимовага жүктөлсүн.

**3-маселе.** Постаккредитациялык иш чаралар боюнча ар бир кластердин жетекчилери билдирүү жасашты.
1-класстердеги (ИЭТ, ПИ, ИСТ) программалары боюнча А.Ж Кудуев билдирүү жасады.
2-класстердеги (КМИ, ФМББ бакалавр жана магистратура, Физика бакалавр) программалары боюнча А.Ө. Келдибекова билдирүү жасады.
3-класстердеги (Математика) программа боюнча Г.М. Борбоева билдирүү жасады.

Жогоруда белгиленген материалдардын, пикирлердин, баяндамада айтылган сунуштардын негизинде МИТ факультетинин Окумуштуулар кеңеши ТОКТОМ КЫЛАТ:

Программа жетекчилердин билдирүүлөрү эске алынсын.

**4. Ар түрдүү маселелер.**
а) Жогорку математика кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Мамазиаева Эльмира Амановнаны математика адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамга сунуштоо жөнүндө.
*Угулду*: *Т.М. Жолдошов (факультеттин деканынын м.а., доцент):* Жогорку математика кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Э.А. Мамазиаева ОшМУда 5 жылдан бери эмгектенип келе жатат. 2017-жылы илимий-изилдөө ишин жыйынтыктап, кандидаттык диссертациясын ийгиликтүү коргогон. 2023-жылдан тартып МИТ факультетинин Усулдук кенешинин төрайымынын милдетин аткарып келет. Э.А.Мамазиаеваны математика багыты боюнча доценттик наам алууга татыктуу деп эсептейм жана колдоп берүүнүздөрдү суранам.
*М.Ш. Мамаюсупов (жогорку математика кафедрасынын доценти):* Э.А.Мамазиаева сабактарын жаңы технологияны пайдалануу менен жогорку илимий-усулдук деңгээлде өтөт. Ал илимий-изилдөө иштерин да жүргүзүп келүүдө, макалалары Кыргызстандын, Россиянын, чет өлкөнүн басылмаларынан жарык көргөн. Мен да жогорудагы сунушту колдойм.
Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй ТОКТОМ кылат:
1) Жогорку математика кафедрасынын доценти, физика-математика илимдеринин кандидаты Мамазиаева Эльмира Амановнаны математика адистиги боюнча доцент окумуштуулук наамын алууга сунушталсын.
2) Бул сунушту колдоп берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар Кеңешинен суралсын.

б) ОшМУнун профессору М.Н. Назаровдун 90 жылдык маарекесине арналган XI Назаровдук педагогикалык окуулар «Туруктуу өнүгүү максаттарын математикалык билим берүүгө интеграциялоо» аттуу эл аралык илимий-практикалык конференциянын

материалдары” аталышы менен макаларынын жыйнагы ОшМУнун “Билим” басма борборунда басмадан чыгарууну сунуштоо.

*Угулду: Т.М. Жолдошов (МИТ факультетинин деканынын м.а., доцент)*: 2023-жылдын 13-14-октябрь күндөрү ОшМУнун профессору М.Н. Назаровдун 90 жылдыгына арналган XI Назаровдук педагогикалык окуулар «Туруктуу өнүгүү максаттарын математикалык билим берүүгө интеграциялоо» темасында эл аралык илимий-практикалык конференциясы өткөн. Конференциянын илимий программасына 6 багыт боюнча пленардык жана секциялык баяндамалар кирген. Конференцияга келип түшкөн макалалар рецензияланган, алардын ичинен 45 илимий макаланы «Туруктуу өнүгүү максаттарын математикалык билим берүүгө интеграциялоо» темасында XI Назаровдук педагогикалык окуулар - эл аралык илимий-практикалык конференциясынын материалдары” аталышында конференциянын макалаларынын жыйнагын «Билим» ОшМУнун басма борборунда басмадан чыгарууну сунуштайм жана колдоп берүүңүздөрдү суранам.

Окумуштуулар кеңешинин мүчөлөрү бир добуштан колдоп, төмөндөгүдөй ТОКТОМ кылат:

1. Профессор М.Н. Назаровдун 90 жылдык маарекесине арналган «Туруктуу өнүгүү максаттарын математикалык билим берүүгө интеграциялоо» XI Назаровдук педагогикалык окуулар - эл аралык илимий-методикалык конференциясынын материалдары” аталышында конференциянын макалаларынын жыйнагы басмага сунушталсын.
2. Бул чечимди бекитип берүү жагы ОшМУнун Окумуштуулар кеңешинен суралсын.

Окумуштуулар кеңешинин<br>төрагасы — Т.М. Жолдошов<br>Окумуштуу катчы — А.А. Абдилазизова

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН БИЛИМ БЕРҮҮ ЖАНА ИЛИМ МИНИСТРЛИГИ ОШ МАМЛЕКЕТТИК УНИВЕРСИТЕТИ МАТЕМАТИКА ЖАНА ИНФОРМАЦИЯЛЫК ТЕХНОЛОГИЯЛАР ФАКУЛЬТЕТИ ФАКУЛЬТЕТ МАТЕМАТИКИ И ИНФОРМАЦИОННЫХ ТЕХНОЛОГИЙ ДЕКАНАТ